**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC**

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

№ 692/1 2017 жылдын «31» майы

**2016 – 2017 окуу жылынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин жалпы орто билими жөнүндөгү «Алтын тамга» артыкчылык аттестатына талапкер 11 классынын бүтүрүүчүлөрүнүн тест сынагынын жыйынтыктарын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2017-жылдын 06 - апрелиндеги № 390/1 «2016-2017-окуу жылынын 11 - класстын орто билими жөнүндөгү «Алтын тамга» артыкчылык аттестаттын алууга талапкер бүтүрүүчүлөрдү тест сыныгынан өткөрүү жөнүндө» буйругун аткаруу максатында 2017-жылдын 12 -майында Бишкек жана Ош шаарлары менен бирге республиканын бардык аймактарында тест сынагы өткөрүлдү.

Үстүбүздөгү окуу жылынын жалпы билим берүүчү мекемелеринин 62000 бүтүрүүчүлөрдүн ичинен 1156 бүтүрүүчү артыкчылык аттестатын алууга билдирме беришти. Бул жалпы бүтүрүүчүлөрдүн 1,87 % ын түздү. Тест сынагынын негизги максаттарынын бири талапкерлердин билиминин сапаттуулугуна көз карандысыз баа берүү негизги максаттарынын бири, алардын билим деңгээлинин мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык окуу программаларынын талабына жооп беришин аныктоо жана тастыктоо.

Республикабыздын шаардык жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн катышуусу менен 23 тест өткөрүү жайларында сынак өттү. Талапкерлер негизги 5 сабактан сынактан өтүштү: эне тили жана адабияты, алгебра жана анализдин башталышы, Кыргызстандын тарыхы, химия, кыргыз тили (мамлекеттик тил) - окуу тили орус жана өзбек тилдеринде, ошондой эле орус тили (расмий тил) - окуу тили кыргыз тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн.

2016-2017 окуу жылында 1156 талапкерлердин ичинен 1112 си катышып, 22 – 26 майды камтып өткөрүлгөн техникалык апелляциянын жыйынтыктарын эске алуу менен жалпысынан 171 талапкер артыкчылык

0031447